# Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин тарыхы

Шапак Рысмендеев атындагы орто мектеби эң алгач Кара-Суу мектеби болуп 1919-жылы ачылган. Окуу араб, латын алфавити, кийин 1940-жылы орус алфавити менен жүргүзүлгөн. Биринчи мугалимдер: Байтереков Чыңгыш, Чодуев Дүйшө, Козубеков Кудайбакты, Чоткараев Сарала, Кокоев Абдыке, Нурманбетов Сейитказы, кийин ушул эле мектептен окуп, үч айлык жана бир жылдык курстарда окуп келип мугалим болгондор: Шапаков Исмаил, Шапаков Иман, Арыков Асран, Жумабаев Чорто, Бекбоев Мукамбет, Кудайбергенов Турсуналы, Ногоев Карыбек.

Мектептин тибине карата окуу жылына бөлсок, 1919-жылдан 1935-жылга чейин башталгыч мектеп, 1935-1948-окуу жылына чейин толук эмес орто мектеп, 1948 1960-окуу жылына чейин жети жылдык мектеп, 1960 – 1966-окуу жылы сегиз жылдык мектеп, 1966-жылдан тартып орто мектеп болду.

**Кара-Суу орто мектебинин 1966-1970-окуу жылдарындагы окуучулардын санынын өсүштөрү**

| жылдары | 1966 | 1967 | 1968 | 1969 | 1970 |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 класска тартылганы | 50 | 52 | 54 | 56 | 58 |
| 8 класс бүткөнү | 30 | 31 | 32 | 32 | 32 |
| 10 класс бүткөнү | - | 26 | 25 | 26 | 26 |

2016-2017- жылы окуу жылында мектепте 633 окуучу окуйт. Мектепти 1989-жылы 2 окуучу күмүш медаль, 1992- жылы 1 окуучу күмүш медаль, 1994-жылы 1 окуучу алтын медаль, 2001- 2008- жылдары 12 окуучу артыкчылык аттестаты менен бүтүрүштү.

1991-жылы 23-ноябрда Кара-Суу орто мектебине залкар манасчы Шапак Рысмендеевдин ысымы ыйгарылган. 2001-жылы эски мектеп өрттөнүп кетип, жаңы мектеп 2002-жылы 1-сентябрда пайдаланууга берилди.

**Мектепте директорлук кызматты аркалагандар:**

Сартов Иса, Кудайбергенов Турсунаалы, Ногоев Карыбек, Муканбаев, Тентимишов Абдыкерим, Боронбаев, Амандыков Сулайман, Баранов Токтосун, Абдиев Асан, Сыдыков Саткын, Төлөгөнова Сакин, Жунушов Кабыл, Мураталиев Сапарбек

1965-1983-жылга чейин Эсенбаев Келдибек

1983-84-ж.ж. Кадыракунов Асанкул

1984-86-ж.ж. Атышова Анаркан

1986-87-ж.ж. Мусаев Каналбек

1987-1992-ж.ж. Мамбетказиев Медет

1992-95-ж.ж. Насирдинова Асикан

1995-97-ж.ж. Ашымжанова Жаңыл

1997-99-ж.ж. Сартбаев Темир

1999-2001-ж.ж. Келдибеков Азизбек

Сканировано с CamScanner

2001-2008-ж.ж. Бейшенбаев Өмүрбек

2008-2010-ж.ж. Түлокеева Эркин

2010-2012-ж.ж. Ботонбаев Мирлан

2012-2019-ж.ж. Асанова Алма

2019- жылдан бери карай Бообек уулу Болот

Мектепте Кара-Суу айылына эмгеги синген мугалимдердин аты коюлган автордук кабинеттер бар. Алар: Эсенбаев Келдибек атындагы математика кабинети, Токтогонов Нурдин атындагы англис тили кабинети, Исман кызы Турсун атындагы баштагыч класстар кабинети, Султакеев Жумакадыр атындагы география кабинети, Сагынбаев Асанаалы атындагы кыргыз тили жана адабияты атындагы кабинети, Кокоев Абдыке атындагы тарых кабинети, Шацкеева Эркин атандагы кол эмгек кабинети.

Мектепте 2013-жылы тарых мугалим Бообек уулу Болоттун демилгеси менен тарыхый-этнографиялык аймактык музей уюштурулган.

Тарых сабагынын мугалими Бообек уулу Болоттун 10дон ашык илимий макалалары атайын илимий журналдарга чыккан. Анын ичинен эки макаласы чет элдик журналдарга жарыяланган.

Азыр мектепте 40 мугалим эмгектенет, 13 мугалим Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси, 3 мугалим аталган минстрликтин Ардак громатасы менен сыйланган. Мектептин химия мугалими Турганбаева Нурила 2010-жылы Президенттин грамотасын алган. 2017-жылы Кыргыз республикасынын "эмгек синирген мугалими" деген жогорку наамга ээ болду.

Мектеп окуучулары 1983-жылдан бери химия сабагынан (мугалими Турганбаева Нурила) республикалык олимпиадага катышып келе жатат. 2014-жылы 11-класстын окуучусу Турдакунова Жаркынай Москва шаарында химия сабагынан откөрүлгөн эл аралык олимпиадага катышып келди. 2015-жылы 11-класстын окуучусу Асанбек кызы Айгерим Ереван шаарында химия сабагынан откорүлгөн эл аралык олимпиадага катышып, командалык топто Кыргызстан 4-орунду алаган. Экөөнүн тең мугалими Турганбаева Нурила. Турганбаева Нурила 1983-жылы республикалык педагогикалык окууга катышып, телевизордо сүйлөгөн.

Сканировано с CamScanner